УТВЕРЖДЕНО
МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИИ
И НАУКИ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
«___» 30, 09 2019 г.

# Профессор А. Молдокулов атындагы Улуттук инновациялык технологиялар мектеп-лицейи жөнүндө

# ЖОБО

# Профессор А. Молдокулов атындагы Улуттук инновациялык технологиялар мектеп-лицейи жөнүндө

# ЖОБО

## Жалпы жобо

1. Профессор А. Молдокулов атындагы Улуттук инновациялык технологиялар мектеп-лицейи (мындан ары УИТМ-Л) "Профессор А. Молдокулов атындагы Улуттук компьютердик гимназияны Профессор А. Молдокулов атындагы Улуттук инновациялык технологиялар мектеп-лицейи кылып кайрадан өзгөртүп түзүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 4-мартындагы № 98 Токтомунун негизинде түзүлгөн.
2. УИТМ-Л – үзгүлтүксүз билим берүү системасында окуучунун билим алуу жана тарбиялануусуна багытталган, фундаменталдык илимдердин ар кандай чөйрөсүндө чыгармачылык жана изилдөөчүлүк ишмердүүлүгүнө даяр болгондой информациялык компьютердик технологияны эркин өздөштүргөн билимдүү жана интеллигенттүү инсан катары окутуп-тарбиялоочу орто жалпы билим берүүчү уюм.
3. Улуттук инновациялык технологиялар мектеп-лицейи:
   - Тез өнүгүп жаткан илимдин, дүйнөлүк жана улуттук маданияттын системасында интеграцияга туруштук бере ала турган инсандын деңгээлинде билим берет;
   - Инсандын интеллектуалдык, адеп-ахлактык өнүгүүсүнө, билим берүүнүн мазмунунда гуманитаризациялык каражаттар аркылуу, таланттуу окуучулар менен иштөөгө көңүл бурган, заманбап информациялык технологияларды кабылдоодо информациялык маданияттуулуктун жогорку деңгээлиндеги инсанды калыптандыруучу жалпы идеяларды жүзөгө ашырат;
   - Лицейистерди окуу процессинде окутуунун ар түрдүү интерактивдик ыкмалары, андан сырткары атайын курстар, факультативдик жана класстан тышкары иштердин башка түрлөрү, иш-чаралары аркылуу чыгармачылык мамилесин калыптандырат;
   - Келечек муундар болгон окуучуларга берилиштердин индустриясы кыймылдаткыч күч катары болгон ачык санариптик коомду калыптандыруу (ачык мамлекеттик берилиштер, сенсордук технология жана телеметрия, интернет каражаты, булуттуу эсептөө, ири берилиштер) менен билим берүү процессин уюштуруу.
4. УИТМ-Л өзүнүн ишмердүүлүгүн КРнын "Билим берүү жөнүндөгү" мыйзамына ылайык жүргүзөт жана ушул Жобого, жалпы билим берүүчү уюмдардын башка нормативдик документтерине таянат.
5. УИТМ-Л юридикалык тарап болуп эсептелинип, КРнын Мамлекеттик герби тартылган жана мамлекеттик , орус тилдеринде аталышы жазылган өзүнүн тегерек мөөрү бар, банктык уюмдарда жеке эсебине жана башка эсептерге ээ.

**Окуучуларды кабыл алуунун тартиби**

6. УИТМ-Лге 1-класстарга кабыл алуу 6-7 жаштагы бардык балдар үчүн алардын арыздарынын жана белгиленген үлгүдөгү медициналык маалымкаттарынын негизинде окууга жана жашы боюнча кирүү экзамендерин тапшыруу үчүн аңгемелешүү түрүндө өткөрүлөт. Мектеп-лицейи окуу борборлорунун даярдоо курсун аяктаган балдарды келишимдик негизде аңгемелешүүнүн негизинде кабыл алат. Окуу борборлорунда даярдоо мөөнөтү аяктаган мезгилде аңгемелешүүнү лицейдин 1-классына балдарды кабыл алуу үчүн түзүлгөн атайын комиссия башталгыч класстын мугалимдери, психолог жана логопед өткөрүшөт.

6.1. УИТМ-Лге башталгыч класстарды ийгиликтүү аяктаган жана конкурстук негиздеги баардык тандоолордун жана экзамендердин жыйынтыгынан ийгиликтүү өткөн окуучулар кабыл алынат.

7. УИТМ-Лде жатакана уюштурулган. Жатаканага алыскы аймактардан келген жана конкурстук тандоолордон ийгиликтүү өткон окуучуларды 6-класстан тартып кабыл алат.

8. УИТМ-Лге окуучуларды кабыл алуу үчүн директордун буйругу менен атайын комиссия түзүлөт. Комиссия өзүнүн ишмердүүлүгүн УИТМ-Лдин Уставына ылайык иштелип чыккан жобонун негизинде жүргүзөт.

9. УИТМ-Лге башка мектептерден окуучуларды 5-11-класстарга ошол класстарда бош орундар болсо гана конкурстук негизде кабыл алат.

10. Лицейисттер үчүн тиешелүү класстары боюнча жалпы билим берүүчү мектептерге которулууга укугу сакталат. Педагогикалык кеңештин чечими менен лицейдин программасын өздөштүрө албаган окуучулар (3 окуу предметинен көп "орто" деген бааларга окуса) жалпы билим берүүчү мектептердин программасына ылайык кайра аттестацияланып жана башка жалпы билим берүүчү мектептерге которула алат.

11. УИТМ-Л окуучуларды жана алардын ата-энелерин ушул уюмдун билим берүү процессин регламенттей турган баардык документтери менен тааныштырууга милдеттүү.

12. УИТМ-Лдин 9 жана 11-класстардын бүтүрүүчүлөрү белгиленген үлгүдөгү окуу жайдын аты жана окутулган предеттери көрсөтүлгөн документке ээ болот.

**Окутуу-тарбиялоо процессии уюштуруу жана структурасы**

13. УИТМ-Лдин билим берүү мазмуну так жана табигый илимдердин базалык программасынын негизинде жана жалпы орто билим берүүчү предметтерди жогорулатылган деңгээлде түзүлөт. Тандалып алынган багыттар боюнча предметтердин мазмундары окуучуларга алардын жөндөм шыктарын өнүктүрүүгө карата терендетилген көлөмдо окутуп-үйротүлөт. УИТМ-Лдин окутуунун негизги тили болуп мамлекеттик - кыргыз тилинде жүргүзүлөт. УИТМ-Лде окутуу төмөнкү багыттар боюнча окутулат:

А) так илимдер: математика; физика; информатика;

Б) табигый илимдер: химия;биология.

УИТМ-Лде лицейчилер үчүн чет тилдерин, заманбап информациялык компьютердик технологияларды окуп-үйрөнүүгө карата бардык шарттар түзүлгөн, андан сырткары инсандын эстетикалык, адеп-ахлактык, акыл жана физикалык жактан өнүгүүсүнө да чоң көңүл бурулган.

14. УИТМ-Лде билим берүү процессин уюштуруу билим берүүнүн базалык компоненттерин камтыган жеке окуу планынын негизинде жүргүзөт. Окуу планы КРнын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан бекитилет. Предметтер боюнча модифицирленген окуу программалары педагогикалык жамаат тарабынан иштелип чыгып, КББАсынын багыттар боюнча кафедраларынын кеңешмелеринде талкуулоо менен, окумуштуулар кеңешмесинде бекитилет.
15. УИТМ-Лде информациялык-усулдук кабинет иштейт. Кабинетте предметтер боюнча модифицирленген окуу программалык документтер ишетилип чыгып жана аларды жайылтуу иштери жүргүзүлүү менен:
    - Мектеп билим берүү системасында окутуунун жаңы сапаттуу системасына өтүүнү;
    - Илимий-усулдук иштерди онүктүрүүнү;
    - Окутуу-тарбиялоо процессин башкарууда электрондук мектептин негизинде өнүктүрүүнү;
    - Окуу процессинде информациялык технологияларды (электрондук окуу китептерин) киргизүү менен окуучулардын өз алдынча иштөөсүн камсыздайт.
16. УИТМ-Лде информациялык коммуникативдик технологияларды окутуу-тарбиялоо процессинде колдонууну камсыз кылган МУЛЬТИМЕДИЯЛЫК ЛАБОРАТОРИЯ иш алып барат.
17. Окутуу тутумунун түзүлүшү окутуу-тарбиялоо процессин уюштуруунун ийкемдүү формаларынын негизинде, окуучулардын жөндөмдөрүн инсанга багытталган интеллектисин, изилдөөчү эмгектердин көндүмдөрүн калыптандырууга карата шыктандырат.
18. УИТМ-Лде окутуу үч деңгээлден турат:

    1-деңгээл даярдоо деңгээл – 1-4-класстар;

    2-деңгээл толук эмес негизги деңгээл – 5-9-класстар;

    3-деңгээл негизги деңгээл – 10-11-класстар.

    1-4-класстарды ачуу жана окуучуларды кабыл алуу чечимдери УИТМ-Лдин укугунда. Баардык деңгээлдердеги класстарда окуучулардын саны 25тен ашпоо керек. Класстар орус тилин, чет тилдерин, информатиканы, эмгекке үйрөтүүнү, дене тарбия жана профиль предметтерин (математика, физика, информатика, химия, биология) окутууда эки топко бөлүнүп окушат.

## УИТМ-Лди башкаруу жана кадрдык камсыздоо

19. УИТМ-Лдин директору КРнын Билим берүү жана илим министри тарабынан бекитилинет.
20. УИТМ-Лдин жогорку органы болуп конференция эсептелинет. Ал бир жылда бирден кем эмес уюштурулуп турат. Конференциянын катышуучулары ата-энелердин, окуучулардын өзүн-өзү башкаруу уюмунан жана УИТМ-Лдин эмгек жамаатынын жыйынынан сунушталынат.
21. Конференцияда УИТМ-Лдин Кеңеши шайланып УИТМ-Лдин Уставын кабыл алышат.
22. УИТМ-Лдин Уставы КРнын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан жактырылып бекитилет.
23. УИТМ-Лдин жетекчилиги түздөн-түз директор тарабынан жүргүзүлүнөт. УИТМ-Лдин директору УИТМ-Лдин ишмердүүлүк натыйжаларына жоопкерчиликтүү.

24. УИТМ-Л КРнын Каржы министрлигинин макулдашуусу менен КРнын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан бекитилген жана жеке штаттык расписаниеси боюнча иш алып барат.
25. УИТМ-Лдин педагогикалык жана жетекчилик кадрлары УИТМ-Лдин уставында корсөтүлгөндөй конкурстук негизде эмгек келишимине ылайык кабыл алынат. Мугалимдер менен түзүлгөн эмгек келишим КРнын Эмгек мыйзамына ылайык аттестациялык комиссиянын сунуштамасынын негизинде мөөнөтүнөн мурда бузууга жол берилет.

### УИТМ-Лдин ишмердүүлүгүнүн укуктук жана каржылык камсыздалынышы

26. УИТМ-Лдин негизги каржылоо булагы катары мамлекеттик бюджет, кошумча чарбалык ишмердүүлүктөр, башка каржы булактарынан түшкөн которуулар: ата-энелердин, демөөрчүлөр, өкмөттүк эмес уюмдар ошондой эле ар түрдүү фонддор жана гранттар эсептелинет.
27. Атайын эсептин, бюджеттен тышкаркы каражаттардын эсебинен курстарды, семинарларды, ийримдерди уюштурууга уруксаат берилет. Кетирилген чыгымдардын сметасын белгиленген тартип жана мөөнөткө ылайык УИТМ-Л бекитүүгө укуктуу.
28. УИТМ-Лдин Кеңеши бөлүнгөн кошумча каражаттардын эсебинен кызматкерлердин кесипкөй чеберчилигин эсепке алуу алуу менен 15% кошумча үстөк дифференцирленген мамиледе бөлүштүрүү укугуна ээ. Так көрсөтүлгөн кошумча үстөк директордун буйругу менен жүргүзүлүнөт.
29. УИТМ-Л ар бир класс-комплектиге ийримдерди, студияларды уюштурууга 1 ставка жана лекциялар, циклдер, курстарды уюштурууга жогорку квалификациядагы адистер менен келишимдик негизде 0,5 ставка кошумча бөлөт.
30. УИТМ-Лдин директорунун жана орун басарларынын кызматтык айлык акысы окуучулардын максималдык контингентине ылайык жалпы билим берүүчү мектептердин кызматкерлерине окшош коюлат.
31. УИТМ-Лдин кызматкерлеринин эмгек акысынын ставкасы Бирдиктүү тарифкациялык торчого ылайык жумасына 20 сааттык жүктөм менен коюлат.

### УИТМ-Лдин Эл аралык ишмердүүлүгү

32. УИТМ-Л эл аралык ишмердүүлүктү орнотулган мыйзам тартибинин негизинде жүзөгө ашырат.

### УИТМ-Лди кайра уюштуруу жана жоюу

33. УИТМ-Лди кайра уюштруу жана жоюу уюштуруучу жана көрсөтүлгөн мыйзамдардын тартибинде аттестациялык кызмат уюмунун корутундусуна ылайык жүргүзүлөт.